# Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Коомдук саламаттык сактоо кызматы: өнүктүрүү перспективалары

**КЫРГЫЗ  РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫНЫН I СЪЕЗДИ**

**Убраимов Жаныбек Мураталиевич**

КР ССМнин Коомдук саламаттык сактоо башкармалыгынын башкы адиси

**31-май, 2024-ж., Бишкек ш.**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

HFA
Swiss Project

# «КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ЖӨНҮНДӨ» КР МЫЙЗАМЫ
(12.01.2024-Ж., №10)

**Коомдук саламаттык сактоо кызматы** (КССК) – менчигинин түрүнө карабастан, ишмердүүлүгү:

- иши сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга жана жарандардын ден соолугун чыңдоого;
- калктын саламаттыгынын абалына мониторинг жүргүзүүгө;
- жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алууга;
- санитардык-эпидемиологиялык бейпилдикке;
- коомдун саламаттыгын сактоо боюнча кызмат көрсөтүүгө

**багытталган коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын системасы**






# КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО КЫЗМАТЫНЫН СТРУКТУРАСЫ

**КР ССМ**

- ОААжМСЭ КД
  - 23 РАОААж МСЭКБ
- КжӨКИО РБ
  - 4 ЧКБ
- РКЖВГж АИВКБ
  - 8 Облустук РКЖВГж АИВКБ
- РДЧжМКБ
  - Бишкек жана Ош ш. филиалдары
  - 84 ДЧК (КУЗ)
- КССУИ
- РЭБ



# КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО КЫЗМАТЫНЫН ЛАБОРАТОРИЯЛАРЫ



ОААжМСЭКД – республикалык деңгээлдеги 6 лаборатория, 51 санитардык-бактериологиялык лаборатория, 50 санитардык-гигиеналык лабораториялар жана облустук борборлордо 10 вирусологиялык лабораториялары иш алып барууда.



КжӨКИОРБ - 3 лаборатория, 3 көчмө (мобилдик) лаборатория



РКЖВГжАИВКБ – 33 лаборатория: алардын 1 республикалык, 1 шаардык, 7 облустук жана 24 райондук  диагностикалык лабораториялар



КССУИ–Дарт аныктоонун (COVID-19, гематологиялык ылаңдар, бруцеллез, вирустук кене энцефалити, урогениталдык ылаңдар) сапатын ички жана тышкы баалоо программаларын тескөөчү  Улуттук лаборатория.



Өлкө боюнча 15 лаборатория эл аралык **ISO/МЕС 17025**, 1 лаборатория **ISO/МЕС 1518** стандарттарынын талаптары боюнча аккредитациядан өтүштү, 2 лаборатория **ISO/МЕС 15189** боюнча сынак тапшырууга даярданып жатышат, 6 лаборатория (ДПЗиГСЭН, Кадамжай, Ош, Аламедин, Жайыл) Шайкештикти баалоонун бирдиктүү реестрине жана ЕАЭБдин сыноо лабораторияларынын тизмесине киргизилди.

# КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО КЫЗМАТЫНЫН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ (КССНФ)

| | |
|---|---|
| **КССНФ 1** | Калктын ден - соолугунун жана бакубаттуулугунун абалын эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана баалоо; |
| **КССНФ 2** | Ден-соолукка жана ден-соолукка байланыштуу өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана аларга жооп берүү; |
| **КССНФ 3** | Ден-соолукту коргоо, анын ичинде экологиялык, эмгектик, тамак-аш ж.б. коопсуздугун камсыздоо; |
| **КССНФ 4** | Ден-соолукту чыңдоо, анын ичинде социалдык детерминанттарга таасир этүү жана ден-соолук боюнча теңсиздикти азайтуу; |
| **КССНФ 5** | Ооруларды алдын алуу, анын ичинде ден соолуктун бузулушун эрте аныктоо; |

# КООМДУН САЛАМАТТЫГЫН САКТООНУН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ (КССНФ)

## КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРГӨ КОШУМЧА ФУНКЦИЯЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **КСНФ 6** | Ден-соолукта жана бакубат жашоо үчүн стратегиялык жетекчиликти камсыз кылуу; |
| **КСНФ 7** | Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүн жетиштүү сандагы квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу; |
| **КСНФ 8** | Туруктуу уюштуруу түзүмдөрүн жана каржылоону камсыз кылуу; |
| **КСНФ 9** | Ден - соолук кызыкчылыгында маалыматтык-түшүндүрүү иши (адвокация), коммуникация жана социалдык мобилизациялоо; |
| **КСНФ 10** | Саясатты жана практиканы илимий негиздөө үчүн коомдук саламаттык сактоо боюнча изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүү; |

# КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТООДОГУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (1)

- «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы кабыл алынды (12-январь, 2024-жыл, № 10);

- Мыйзамды ишке ашыруу үчүн төмөндөгү ченемдик укуктук актылар иштелип чыгууда:
  - ✓ Коомдук саламаттык сактоо кызматы жөнүндө Жобо;
  - ✓ Башкы мамлекеттик санитардык дарыгер жөнүндө Жобо;
  - ✓ Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча жобо (ЭМСЭ).

# КООМДУН САЛАМАТТЫГЫН САКТООДОГУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (2)

**Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык дарыгеринин жана администрациялык-аймактык бирдиктердин башкы мамлекеттик санитардык дарыгерлеринин ыйгарым укуктары**

- Тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктерде (айрым объекттерде) чектөө иш-чараларын, анын ичинде карантинди киргизүү;

- Санитардык - эпидемиологиялык экспертизаларды, териштирүүлөрдү, текшерүүлөрдү, изилдөөлөрдү, сыноолорду жүргүзүү;

- Адамдын өмүрүнө, жугуштуу оорулардын жана жапырт ууланууларын пайда болуу жана жайылуу коркунучу туулганда, калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги чөйрөсүндөгү техникалык регламенттерди, ченемдик укуктук актыларды бузуулар четтетилгенге чейин объекттин же анын бир бөлүгүнүн ишин токтото туруу.

# КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТООДОГУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (3)

## Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык дарыгеринин жана административдик-аймактык бирдиктердин башкы мамлекеттик санитардык дарыгерлеринин ыйгарым укуктары

- Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө алынуучу, техникалык регламенттердин талаптарына жана санитардык-эпидемиологиялык ченемдердин жана эрежелердин талаптарына ылайык келбеген **продукцияны (товарларды) алып коюу;**

- Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө алынуучу, санитардык-эпидемиологиялык ченемдердин жана эрежелердин жана техникалык регламенттердин талаптарына ылайык келбеген продукцияны (товарларды) **өндүрүүгө, жүгүртүүгө жана сатууга тыюу салуу;**

- Адамдын өмүрү жана ден - соолугу үчүн кооптуу деп табылган учурда **биологиялык жана химиялык заттардын бардык түрлөрүн өндүрүүгө, колдонууга тыюу салуу;**

- Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн (контролдун) тескөөсүндө турган ташылып келинген продукцияларга, **товарларга санитардык-эпидемиологиялык кароо жүргүзүү.**

# ӨНҮКТҮРҮҮ ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

- Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлорун бириктирүү жолу менен райондор аралык борборлор түзүлдү;
- Гемоконтакттык вирустук гепатиттерди жана АИВди контролдоо боюнча республикалык борбор түзүлдү;
- Калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча «Дени сак адам – өнүккөн өлкө» программасына 2024-2030-жылдарга коомдук саламаттыкты сактоонун актуалдуу маселелери боюнча жаңы бөлүмдөр киргизилди (экология, скрининг маселелери);
- Республикада калк арасында ооруларды эрте диагноздоо жана аныктоо боюнча иштеген мобилдүү клиникалар иш алып барууда;
- Ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникациялар борбору «Дени сак шаарлар» программасын активдүү жайылтатууда;
- Жугуштуу эмес оорулар боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планы бекитилди (12.04.2024-ж. №152-т) тескемеси).

# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН РАХМАТ!